УДК: 372.881.1 (575.2) (04)

*А.Т.Карымшакова,*
*БГУнун доценти, фил.ил.канд.*
*E-mail: talgarovna@gmail.com*

# КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨР ТЕКСТ ТҮЗҮҮЧҮ ТИЛДИК КАРАЖАТТАР КАТАРЫ

# СЛУЖЕБНЫЕ СЛОВА КАК ТЕКСТООБРАЗУЮЩИЕ ЯЗЫКОВЫЕ СРЕДСТВА

# THE FUNCTION WORDS AS THE TEXT-FORMING LINGUISTIC MEANS

***Аннотация:*** *Бул макаладан кызматчы сөздөр сөзгө, сөз айкашына, сүйлөмгө түрдүү кошумча маанилерди кийирүү менен гана чектелбестен, сүйлөмгө (текстке) толук кандуу семантика да тартуулоого жөндөмдүү экендигинен маалымат алууга болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кызматчы сөздөр, жандоочтор, байламталар, бөлүкчөлөр, текст түзүүчү тилдик каражаттар.*

***Аннотация:*** *В данной статье речь пойдет о том, что служебные слова служат не только для внесения различных дополнительных оттенков словам, словосочетаниям, предложениям, но и способны дополнить предложения (текст) полноценным смысловым значением (семантикой).*

***Ключевые слова:*** *служебные слова, послелоги, союзы, частицы, текстообразующие языковые средства.*

***Abstract:*** *This article verifies that the function words serve both, for complementing various additional undertones to words, phrases and sentences, and are able to supplement the sentences (texts) with a meaningful semantics.*

***Keywords:*** *service words, postpositions, conjunctions, particles, text-forming linguistic means.*

Кызматчы сөздөр өз алдынча сөз түркүмү катары морфологиянын изилдөө объектиси болуп эсептелери белгилүү [1; 2]. Аларда лексикалык маани басаңдатылган, грамматикалык маани басымдуу болгондуктан, толук маанилүү сөздөрдөн айырмаланып, семантикасы тар масштабда алганда сүйлөм контекстинде, кең масштабда алганда текст ичинде ачылат [3; 4]. Башкача айтканда, кызматчы сөздөр - жогорку өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу морфологиянын гана изилдөө проблемасы болбостон, синтаксис менен да түздөн-түз байланыштуу маселе. Кызматчы сөздөрдөгү мындай өзгөчөлүктөрдү биз бүтүндөй бир текстти талдаган учурда даана байкай алабыз. Мындан тышкары кызматчы сөздөрдүн кыйла бөлүгү эмоция-экспрессия жаратуучу каражат катары белгилүү болгондуктан, көркөм чыгармага, өзгөчө оозеки кепке көркөмдүк, коодук тартуулайт. Карапайым сүйлөө кебин жандуу, кооз, уккулуктуу, түшүнүктүү жана жеткиликтүү кылып өзгөртөт. Ошондуктан кызматчы сөздөрдү изилдеген айрым окумуштуулар аларды креативдүү бөтөнчөлүгү бар сөздөр деп туура белгилешет [5].

Бул макалада биз сүйлөшүү кебинин үлгүсү болгон Ж.Бөкөмбаевдин "Каргаша" драмасынын негизинде [6. 202-220-б. ] кызматчы сөздөрдүн текст жаратуучу мүмкүнчүлүктөрүн белгилөө менен бирге, алардын көркөм сөз каражаты катары ролун да көрсөтүп өтмөкчүбүз. Мындан тышкары кызматчы сөздөрдүн жогоруда аталган текст ичинде колдонулуш жыштыгын да аныктап көрсөтмөкчүбүз. Себеби кызматчы сөздөр жалпы саны боюнча анча көп эмес сөздөрдүн тобун түзсө да, айрым окумуштуулардын билдирүүлөрүнө караганда, колдонулуш жыштыгы боюнча маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн ар биринен арбын деп эсептелет [7. 132-б.].

Анда эмесе фактыга кайрылалы. Алгач болгону тогуз барактан турган аталган драмалык чыгармада жалпы жону канча кызматчы сөз колдонулат болду экен деген суроого жооп издейли. Ошондо бул чакан драмалык чыгармада жалпы саны 151ди түзгөн кызматчы сөз кезигери аныкталды. Булардын ичинен бир сүйлөм ичинде эки, үч кызматчы сөз катышкандары 17 жолу кезигери аныкталса, бир сүйлөм ичинде бирден гана кызматчы сөз катышкандары 112 жолу кезигери такталды. Жалпы жыйынтыгында бул чакан текст ичинде жогоруда белгиленгендей 151 кызматчы сөз кезигери тастыкталды. Бул текстте жолуккан кызматчы сөздөрдү түрлөрүнө карай классификациялай келгенде сан жагынан эң эле арбын жолукканы бөлүкчөлөр болуп чыкты. Бирден эсептегенде алардын (бөлүкчөлөрдүн) 17 түрү кезигери дайын болду. Бул бөлүкчөлөрдү чыгыш теги боюнча чыныгы (нака) бөлүкчөлөр жана функционалдык бөлүкчөлөр деген өзгөчөлүктөрү боюнча ажыратып караганда чыныгы бөлүкчөлөрдүн жалпы саны он бирди түзөрү аныкталды. Алар: **эле, эч, да, беле, абдан, өтө, го, деги, гана, эң, деле**. Ал эми функционалдык бөлүкчөлөрдүн жалпы саны алтыны түзөрү такталды. Алар: **эми, болсо, деген, ушул, бир, дагы**. Жандоочтор менен байламталардын төрттөн гана түрү кезигери аныкталды. Жандоочтордун **үчүн, боюнча, менен, кийин** деген түрлөрү кезиксе, байламталардын **бирок, менен, же, эгер** деген түрлөрү жолугары белгилүү болду. Мындан тышкары бир сүйлөм ичинде канча кызматчы сөз жана алардын кандай түрлөрү кезигет болду экен деген суроого төмөнкүдөй жооптор табылды. Ошондо бир гана кызматчы сөздүн (же жандоочтордун, же байламталардын, же бөлүкчөлөрдүн) бир сүйлөм ичинде жолуккандары төмөнкүлөр болду: **менен ... менен** (жандоочтор), **да ... да** (бөлүкчө, бирок **да** илимде белгилүү болгондой, көп учурда бир эле мезгилде бөлүкчөлүк да, байламталык да милдет аткарып, бөлүкчө-байламта деген татаал аталышка да ээ), **эң, эле, да** (бөлүкчө), **алда (качан)**, **эле** (бөлүкчө), **кандай ... ошондой** (байламта), **же... же** (байламта). Ал эми ар түрдүү кызматчы сөздөрдүн бир сүйлөм ичинде жолуккандарына (тактап айтканда, алгач жандооч андан кийин бөлүкчөлөрдүн кезигишине) төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: **менен, гана**; **үчүн, эң**; **кийин, эле**; **менен, да**; **үчүн, гана**; **менен, эле, да**. Тексттеги алгачкы сүйлөмдө эки бөлүкчөнүн катар келип, соңунда бир жандоочтун келиши бир жолу гана кезигери да маалым болду. Алар: **да, эле, кийин**.

Ошентип, кызматчы сөздөрдүн оозеки кептин үлгүсү болгон чакан драмалык чыгармада алардын колдонулуш жыштыгы менен катар, бир сүйлөм ичинде ар кандай түрүнүн кезигиши аныкталып чыккан соң, макаланын негизги маңызын ачып берчү өзөктүү маселеге, тактап айтканда, кызматчы сөздөрдүн текст түзүүчү каражат боло аларын аныктаган урунттуу учурларга токтолмокчубуз. Аны үчүн алгач биз эки, үч кызматчы сөздүн бир сүйлөм ичинде колдонулгандарын бир-бирден талдоого алганга аракет кылалы: *Асан* – (Жакасын карманып). Сен укпасаң, албетте, ит угат **да**, оой тобо, ушул айылдын бериштелүүсү **эле** сен элең, сен минтип отургандан **кийин**, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол. Мында оозеки кептин мыкты үлгүсү болгон аталган сүйлөмдүн чыныгы ажары анын жазуу формасындагы вариантына салыштырмалуу оозеки сүйлөшүү учурундагысы түрдүү интонациялар, эмоция-экспрессиялар аркылуу апогейине жетип ачылып турганын аны окуур менен даана байкоого болот. Бирок мындай мыкты тексттин жаралышына кызматчы сөздөрдүн да зор таасири бар экенин тануга болбойт. Аны далилдөө максатында биз алгач аталган сүйлөмдү кызматчы сөздөрү менен кошо сүйлөм кандай болсо эч нерсесин бузбастан кайра кайталап берип, андан соң ушул эле сүйлөмдөн кызматчы сөздөрүн түшүрүп салуу менен, салыштырып көрсөк сүйлөмдүн кунары качып супсак болуп, ал эмес каармандын айтайын деген ою так эмес, түшүнүүгө кыйын болуп калганын да дароо туя алабыз: *Асан* – (Жакасын карманып). Сен укпасаң, албетте, ит угат **да**, оой тобо, ушул айылдын бериштелүүсү **эле** сен элең, сен минтип отургандан **кийин**, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол. Салыштырыңыз: *Асан* – (Жакасын карманып). Сен укпасаң, албетте, ит угат, оой тобо, ушул айылдын бериштелүүсү сен элең, сен минтип отургандан, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол. Демек, кийинки (кызматчы сөздөрсүз) сүйлөмдөн жалпы жонунан негизги ойду түшүнүүгө болгон менен, чынында эле, сүйлөм пикирлешип жаткан адамга жугумсуз, уккулуксуз, башкача айтканда, кулакка жагымсыз болуп өзгөргөнүн даана эле байкоого болот. Тактап айтканда, татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгүн **да** бөлүкчөсүз (оой тобо, ушул айылдын бериштелүүсү сен элең) уга турган болсок, анда сүйлөмдүн бул бөлүгү кыйла орой угуларын байкай алабыз. Ал эми бул бөлүктү **да** бөлүкчөлүү кабылдасак, (сен укпасаң, албетте, ит угат **да**), анда **да** аныктагыч-тактагыч бөлүкчөсү аркылуу ырастоо, баса белгилөө мааниси менен катар, каарман тарабынан айтайын деген ой жеткиликтүү, түшүнүктүү, кооз мүнөзгө ээ болгонун көрүүгө болот. Бул татаал сүйлөмдүн ортоңку бөлүгүндө (ушул айылдын бериштелүүсү **эле** сен элең) **эле** бөлүкчөсү аркылуу чектөө мааниси кошумчалануу аркылуу ушул айылдын периштедей болгон сулуусу жалгыз сен ганасың, сенден башка жок деген маани туюнтулуп турат. Эгер сүйлөмдүн бул бөлүгүндө **эле** бөлүкчөсү катышпаган болсо, анда мындай чектөө болмок эмес да, айылдын периштедей болгон сулуусу сенсиң деген ой айтылганы менен, сен сыяктуулар дагы болушу мүмкүн деген ойдун орун алышы да мүмкүн болуп калмак. Бул сүйлөмдүн андан аркы (сен минтип отургандан **кийин**, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол) бөлүгүн жогоркудай эле кызматчы сөзүн алып салып (сен минтип отургандан, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол) талдоону улантсак, анда бул татаал сүйлөмдүн мындан мурунку (**да, эле** бөлүкчөлүү) эки бөлүгүнөн айырмаланып, бул акыркы бөлүгүндө айтыла турган ой түшүнүксүз абалда болуп калганын көрүүгө болот. Анын негизги себеби жандоочтор (анын ичинде **кийин** жандоочу да) илимде айрым окумуштуулар тарабынан лексикалык мааниси жок сөз катары кээде кабылданганы менен, сүйлөмдүн толук кандуу семантикалуу болушун алар (**кийин** жандоочу да) уюштуруп каларын бул факты катары тартылган мисал таптак далилдеп турат. Демек, ушул, жана башка ушул сыяктуу толгон мисалдар кийинки атайын илимий иликтөөлөрдө такай баса белгиленип келгендей, кыз-

матчы сөздөрдө лексикалык маани такыр жок эмес, бар деп, бирок бул лексикалык маани толук маанилүү сөздөрдөн айырмалуу деп сыпатталганына толук кошулууга болот (Караңыз: Султанбаева). Тактап айтканда, кызматчы сөздөрдө лексикалык маани басаңдатылган абалда болсо да бар, ал эми грамматикалык маани басымдуу деген окумуштуулардын пикиринин туура экенин тилдеги факты-материалдар ар дайым далилдейт. Демек, мындан айрым кызматчы сөздөр сүйлөмгө (текстке) кошумча маани эле кийирип тим болбостон, сүйлөмдүн (тексттин) семантикасын да толук кандуу кылып уюштуруучу тилдик каражат болуп эсептелерине тексттеги улам бир сүйлөмдү талдаган сайын утуру ынана beребиз.

Мындан ары да текст ичиндеги семантиканын өзгөрүүлөргө кандай дуушар болорун даана байкаш үчүн эми үч сүйлөмдү чогуу алып, аларды алгач кызматчы сөздөрү менен кошо (б.а. сүйлөм кандай болсо, ошол турпатында), андан кийин кызматчы сөздөрүн түшүрүп салып карап көрсөк: *Асан* – Катын кишиге душман. Кечеги полномочун **менен гана** өбүшүп, жытташып отургандыр. *Турдубай* – Бул томоякты алдоо **менен**, арбоо **менен** колго түшүрүп, Айымхандын көзүн жок кылуу керек. *Турдубай* – ...Ошондуктан элди колхозго каршы үндөө **үчүн эң** мурун Айымхандын канын төгүү керек. Салыштырыңыз: *Асан* – Катын кишиге душман. Кечеги полномочун өбүшүп, жытташып отургандыр. *Турдубай* – Бул томоякты алдоо, арбоо колго түшүрүп, Айымхандын көзүн жок кылуу керек. *Турдубай* – ...Ошондуктан элди колхозго каршы үндөө мурун Айымхандын канын төгүү керек. Бул салыштырылып жаткан варианттардан кызматчы сөздөрсүз сүйлөмдөрдө (текстте) кандай өзгөрүүлөр орун алганын таптак эле көрө алдык. Бул жерде ар бир сүйлөмдөгү кызматчы сөздүн ролун дагы да бышыктай кете турган болсок, төмөнкүдөй картинаны көрө алабыз: ...Кечеги полномочун **менен гана** өбүшүп, жытташып отургандыр деген маанидеги 1-сүйлөмдүн ордуна ...Кечеги полномочун өбүшүп, жытташып отургандыр деген семантикалык жактан такыр башка түшүнүктөгү сүйлөм уюшулуп калганын көрө алабыз. Башкача айтканда, негизги тексттегидей болуп каармандын билдирейин деген ою Айымкан жөнүндө болбостон, полномочун жөнүндө гана болгондой, тактап айтканда, окуя Айымканга эч кандай тиешеси жоктой болуп, сүйлөмдүн мазмуну орду-түбү менен өзгөрүп кеткенин көрүүгө болот. Мындай өзгөрүүнүн болушуна **менен** жандоочунун түшүп калышы эң негизги себеп болгонун көрүп, анын сүйлөмдө кадимки эле толук маанилүү сөздөр сыяктуу ролу бар экенине күбө боло алабыз. Ал эми оозеки кепте бул сүйлөмдүн ичиндеги **гана** бөлүкчөсү өзүнүн чектөө маанисине караганда, эмоция-экспрессия жаратуучу каражат катары колдонулганын сүйлөмдү үн чыгарып окуганда абдан жакшы туя алабыз. Кийинки сүйлөмдөн да (Бул томоякты алдоо **менен**, арбоо **менен** колго түшүрүп...) эки кайталанып кезиккен **менен** жандоочун түшүрүп салып (Бул томоякты алдоо, арбоо колго түшүрүп...) текстке назар салганда да, ал жандоочтун сүйлөмдөгү чыныгы ролун даана көрө алабыз. Башкача айтканда, **менен** жандоочусуз бул сүйлөм өзүнүн сүйлөмдүк касиетин биротоло жоготуп, түшүнүксүз сөздөрдүн жыйындысына айланып калганын көрө алдык. Үчүнчү сүйлөмдөн да (*Турдубай* – ...Ошондуктан элди колхозго каршы үндөө **үчүн эң** мурун Айымхандын канын төгүү керек) **үчүн, эң** кызматчы сөздөрүн (жандооч менен бөлүкчөнү) түшүрүп салып, аны кайра окуганда (*Турдубай* – ...Ошондуктан элди колхозго каршы үндөө мурун Айымхандын канын төгүү керек) жогоркудай болуп, каармандын берейин деген ою таптакыр түшүнүксүз абалда болуп, сөздөрдүн чар-жайыт жыйындысы топтолуп калгандай сезим калтырат. Башкача айтканда, бул сүйлөмдөн **үчүн** жандоочунун текст жаратуучу чыныгы милдетин даана сезе алдык. Демек, мындан улам жаңы фактыны канчалык көп талдаган сайын, кызматчы сөздөрдө басаңдатылган болсо да лексикалык маанинин бар экенине ошончолук көп ынануу менен, кызматчы сөздөр да кадимки маани берүүчү сөздөрдөй эле текст жаратуучу тилдик каражаттар экенине толук ишене алабыз.

Бул чакан чыгармада талдоого ала турган дагы да арбын мисалдар жолугат. Анын баарына токтолуп отурууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан (тексттин жалпы мазмуну бузулса да), дагы бирди-жарым гана урунттуу мисалдарды анализдөө менен чектелсек: *Тыныбаев* – «Шашкан коен аңга батпайт». Кирбейм десең **да**, кирем десең **да** киресиң. *Асан* – Уктуңбу сүйүнүшүп жатканын. Экөөнүн иши **алда** качан **эле** бүткөн турбайбы. *Айымхан* - Колхоз **менен гана** гүлдөп, колхоз **менен гана** жыргайбыз. *Парман* – Укмуштуу жорук баштадың. **Же** сен өлөсүн, **же** мен өлөм. *Турдубай* – Пияз чайнап алгын, сенин оозуңду жыттап жүрмөк **беле**. *Тыныбаев* – Эл чогултуп, мен эмне аш бермек **белем**.

Биринчи мисалдан бир эле мезгилде бөлүкчөлүк да, байламталык да милдет аткарган **да** кызматчы сөзүн түшүрүп салганыбызда (*Тыныбаев* – «Шашкан коен аңга батпайт». Кирбейм десең, кирем десең киресиң) автордун берейин деген ою жеткиликсиз да, түшүнүксүз да болуп калса, экинчи мисалдан **алда, эле** деген күмөн жана чектегич бөлүкчөлөрдү түшүрүп таштаганыбызда (*Асан* – Уктуңбу сүйүнүшүп жатканын. Экөөнүн иши качан бүткөн турбайбы) сүйлөм толук кандуу болбой калганын, үчүнчү мисалдан эки кайталанып келген **менен, гана** деген жандооч менен бөлүкчөнү түшүрүп окуганыбызда *(Айымхан* - Колхоз гүлдөп, колхоз жыргайбыз) жөн гана сөздөрдүн башаламан жыйындысы болуп калганын, төртүнчү мисалдан эки кайталанып келген **же** ажыраткыч байламтасын түшүрүп окуганыбызда (*Парман* – Укмуштуу жорук баштадың. Сен өлөсүн, мен өлөм) "экөөбүздүн бирибиз өлөбүз" деген ойдун ордуна "экөөбүз тең өлөбүз" деген түшүнүк жаралып, жана акыркы сүйлөмдөрдөн **беле, белем** бөлүкчөсүн түшүрүп салып окуганыбызда (*Турдубай* – Пияз чайнап алгын, сенин оозуңду жыттап жүрмөк. *Тыныбаев* – Эл чогултуп, мен эмне аш бермек) сүйлөмдөр кандайдыр бир деңгээлде түшүнүктүү болгону менен, кыргыз тилин жакшы билбеген башка улуттун өкүлү сүйлөп жаткансып, бул айтымдар бүтпөй калганын көрөбүз.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы талдоого алынган мисалдар аркылуу кызматчы сөздөрсүз баштапкы чакан көркөм текст өзүнүн көркөмдүгүн, дегеле оозеки кепке мүнөздүү ажайып сулуулугун, эмоция-экспрессиясын жоготуп гана койбостон, жазуучунун берейин деген ою жөн гана сөздөрдүн ыраатсыз жыйындысы өңдөнүп, түшүнүксүз, жеткиликсиз абалда

болуп калганын дапдаана көрө алдык. Демек, талдоо көрсөткөндөй, тексттен (сүйлөмдөн) кызматчы сөздүн кайсы түрүн түшүрүп көрсөк да, ошол сүйлөм семантикалык жактан жок эле дегенде кунарсыз, болбосо такыр түшүнүүгө мүмкүн болбогон абалга келип каларын байкадык.

Ошентип, биз бул макалада атайылап тандап талдоого алган сүйлөмдөрдөн кызматчы сөздөрдүн ар бири сүйлөмгө кошумча маани гана кийирип тим болбостон, чыныгы текст жаратуучу тилдик каражаттардын ролун аткарганына күбө боло алдык. Ал эми кенен тексттен катарын бузбай, кызматчы сөздөрдүн ар бирин ырааты менен анализдеген болсок, анда биринчи кезекте жандооч катышкан сүйлөмдөр сүйлөм болуу касиетинен ажырап каларына күбө боло алмакпыз. Анын негизги себеби, биздин пикирибизче, кызматчы сөз түркүмдөрүнүн ичинен жандоочтор өздөрүнүн баштапкы этимонунан бөлүкчөлөр менен байламталарга караганда көп алыстай электигинде деп эсептейбиз.

***Адабияттар***


*1. Мураталиева Дж. Послелоги в киргизском языке. –Ф., 1958.*

*2. Карымшакова А. Частицы в современном кыргызском языке. –Б., 1998.*

*3.Зейналов Ф.Р. Служебные части речи в современных тюркских языках (на материале огузских групп тюркских языков).Автореф. дисс. ... докт. филол. наук. –Баку, 1966.*

*4. Султанбаева Х.В. Служебные слова в системе частей речи башкирского языка. Дис. ...докт. филол. наук.- Уфа, 2008.*

*5. Ремчукова Е.Н. Креативный потенциал русской грамматики. (Морфологические ресурсы языка). Автореф. дисс. ... докт. филол. наук. –М., 2005.*

*6. Ж.Бөкөмбаев. "Каргаша" драмасы. Тандалган чыгармаларынын эки томдугу. Фрунзе, II т., 1973.*

*7. Цой А.С. Служебные слова как объект русской лексикографии. –М.: Изд-во Литературн. ин-та, 2008.*